УДК.373.2

Карасартова Ж.Б., Имангазиева Р.У.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

МЕКТЕПТЕ КЕСИПТИ ТАНДООДО ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА АТА-ЭНЕНИН БАГЫТ БЕРҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Бул макалада мектепте кесипти тандоого багыт берүү өзгөчөлүктөрү, анын ичинен мектеп, үй-бүлө жана ата-энесинин тийгизген таасирлери чагылдырылып берилген.

This article describes the peculiarities of choosing profession and the influence of school, family and the parents in choosing the profession.

Биздин өлкөдө миңдеген кесиптин түрү бар, алардын ар бири өз алдынча уникалдуу, ардактуу десек болот. Ар бир кесиптин түрү балдардын алдында кызыктыруучу перспективаларды ачууда, өзүлөрүнүн келечеги үчүн керектүү кесип тандоого түрткү берет. Андыктан кесипти тандоодо балдарды канааттандыргандай, коомго максималдуу пайда келтиргендей кылып тандап алууда кыйынчылык келери табигый көрүнүш.

Ошондуктан бүгүнкү күндө балдарга кесипти тандоого багыт берүү проблемасында үй-бүлө, ата-эне жана мектеп коомдук мамилелерди өз кучагына алаары шексиз. Демек, бул мамилелерди чечүүдө мектеп, үй-бүлө жана ата-эне коомчулук активдүү катышууга тийиш. Ал эми азыркы убакта билим берүү тармагында оор кырдаалда дайыма бул маселелер түрдүү деңгээлде көтөрүлүп, күн тартибинен түшпөй, актуалдуулугун жоготпой келүүдө.

Андыктан кесипти атайын тандап алууга балдарды даярдоо үчүн кийинки жылдардын ичинде мектептерде окуучуларга кесиптик багыт берүү боюнча педагогикалык иш-аракеттердин багыттары түзүлүүдө десек болот. Мектепте кесипти тандоого багыт берүү деп балдарды ар түрдүү кесип менен тааныштыруу, аларга өз таламдары менен жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, өздөрүнүн шыгы менен күчтөрүнө багыт алууга, ошонун негизинде өзүнө тиешелүү кесипти тандап алууга жардам берген педагогикалык ишмерлүүлүктөрдү айтабыз. Кесипти тандоого багыт берүүнүн түпкү максаты балдардын таламдарына жана шыктарына жараша, алардын саламаттык жана күч мүмкүнчүктөрүн эске алууга жараша, ошону менен бирге өздөрү жашап турган мамлекетинин бул же тигил адистеги кызматкерлердин керектөөсүнүн негизинде кесипти тандоо болуп саналаары маалим.

Мектепте кесипти тандоого багыт берүү боюнча иш-аракеттердин негизги мазмунун төмөндөгүдөй элементтерге бөлүп карасак болот:

- балдарга ар бир кесиптин маанисин ачып, окуучуларды кесипти урматтоону тарбиялоого үйрөтүү;
- сунуш кылынган кесип боюнча ийгиликтүү иштөө үчүн кандай жөндөмдүүлүктөр жана сапаттар бөтөнчө маанилүү өзгөчөлүктөрү боюнча маалымат берүү;
- мектеп окуучуларын кесипке даярдоодо кесип жөнүндө, анын мазмуну жөнүндө бир аз да болсо да кеңеш берүү зарыл.

Кесиптик кеңеш берүү деп окутуу жана тарбиялоо процессинде узак убакытка жүргүзүлгөн психологиялык-педагогикалык байкоонун негизинде балдарга, айрыкча, олку-солку болуп өз кесибин аныктай алалбаган балдарга жардам берүүнү, алардын өз алдынча багыт алууну калыптандырууну, алардын

шыктарына, аракеттерине жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кесипти тандап алуунун конкреттүү жолдорун жана мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүнү айтабыз.

Кесипти тандап алуунун кыйынчылыгы көпчүлүк убактарда балдардын турмуштук тажрыйбаларынын жетишпегендиктеринин натыйжасында көп кесиптер жөнүндө конкреттүү элестери болбогондугу менен түшүндүрүлөт. Ошону менен бирге эгерде балдар жок дегенде кружоктордо, экскурсияларда окуу-өндүрүш практикасында же өз алдынча өзү тандап алган кесипте күчтөрүн сынап көрбөсө, кесипти кандайдыр бир негиздүү кылып тандап алуу жөнүндө ачык айтуу кыйын болот.

Ошондуктан балдардын көпчүлүгү коомдогу, жашоодогу ордун аныктай алышпайт, алар үчүн келечек бүдөмүк.

Анткени бардыгы жеке балдардан башталат, ошол себептүү окучуулардын коомдогу өз ордун табышына мамлекеттик деңгээлде көңүл бөлүнүп, ар бир баланын орду бар экендиги түшүндүрүлүп, мамлекеттин кам көрүшү керектиги бүгүнкү күндө актуалдуу проблемалардын бири десек болот. Демек, бул маселе жеке балдардын өзүндө болуш керек, ошол себептүү кээ бир балдарда «Мен киммин»? «Турмушта өз ордумду туура таба аламбы?» деген бир катар суроолор туулат. «Коомдо жашап туруп, андан сырткары боло албайсың» - деп айткан акылман [1].

Бир катар кесиптер балдардын керт башынын белгилүү сапаттарын: көрүү, угуу сезими жакшы болушун, үндүн болушун, токтоолукту жана башкаларды талап кылат. Ошондуктан кесипти тандап алуу менен айрым учурда балдардын каалаган ою анын жеке сапаттары менен ачыктан ачык карама-каршы келген учурлар да болот.

Н.К.Крупская «Кесип тандап алуу» деген макаласында мындай деп жазган: «Учкуч, вагоновожатый, бул же тигил татаал станокто иштеген жумушчу, мастер, инженер кандай сапатка ээ болууга тийиш экендигин аныктоочу бир катар илимий изилдөөлөр бар».

Н.К.Крупскаянын дагы бир адабиятта – «Ким болуу керек?» деген маселени чечүүдө да жакшы кеңеши болгон. Ал «Адабият – өсүп келе жаткан муунга таасир көрсөтүүнүн кубаттуу каражаты. Ал мага турмушту, адамдарды, алар эмне менен жашап, эмне менен дем алып жаткандарын түшүнүүгө, адамдарды талдай келүүгө аларды эмне толкундаткандыгын түшүнүүгө жардам берет. Адабият моралга, адамдын жүрүш-турушуна, анын дүйнөгө көз карашына таасир этет» - деп жазган [3].

Адабияттай башка эч нерсе эмгекти ырга айландыра, адамды эмгекти кооз кылып көрсөтө жана кесиптин романтикасын ушундай толкундатуучу күч менен ача албайт. Дал ошондуктан адабият кесипти тандап калган кезде жаштарга зор таасир көрсөтөт.

Ал эми А.Т.Твардовский мындай деп айткан: «Адабият - балдар үчүн башкы маселе болуп эсептелген ким болуу керек деген суроону чечкен кезде жакшы кеңешчи. Адабият өзү түзгөн образдардын тартуучу күчү менен адамдын иштерин, адамдын эмгегинин бардык жактарына чакырат» [3].

Окуучуларда бул же тигил кесипке карата мамилелердин түзүлүшүнө көпчүлүк убактарда кээ бир учурда ата-энелердин негизсиз пикир жана кеңештери тескери таасир көрсөтөт. Өз убагында А.С.Макаренко мындай деп жазган: «Кесип тандап алуу үчүн азыр ата-энелердин өжөрдүгүнө кароонун кереги жок» [3].

Ата-энелердин көпчүлүгү өзүлөрүнүн балдарына кесипти туура тандап алууга жардам беришет. Андан тышкары, балдар көп убактарда өз ата-энелеринин кесибине умтулушат, кээ бир үй-бүлөлөрдө кесипти укумдан-тукумга сактап калуунун жакшы салттары сакталат. Кээ бир учурларда ата-энелер өз

балдарынын чыныгы шыктарын билип туруп эле, алардын тилегине каршы барышат, кесип тандап алууда өзүлөрүнүн эркин таңуулашат [3] .

Илимге эмгек сиңирген профессор Ю.Т.Фролов сунуш кылган «Мектеп окуучусуна кесипти тандоого багыт берүү картасын» балдар пайдаланууга болот десек, жаңылышпайбыз. Бул картада окуучулар жөнүндө жалпы маалыматтар, өзүнө өзү баа берүү, кесипке шыгы жана кызыгуусу, психологиялык жана педагогикалык мүнөздөмөлөр сыяктуу жана башка бөлүмдөр сунушталган.

Демек, кесипти тандоодо баланын ден соолугун эске алуусу зарыл иш экендигин жогоруда белгилеп өттүк. Бул дагы кесипке ээ болууга умтулган жаш балдардын жашоосундагы зарыл шарт болуп эсептелип келет.

Мектеп окуучуларын кесипке тандоодо мектептин гана түйшүгү болбостон, ата-энелердин, тааныштардын жана жолдоштордун жардамы да керек экенин эстен чыгарбоо керек. Бирок бир катар учурларда ата-энелер балдарынын кесип тандап алууларына ыксыз кийлигишкен учурлар боло тургандыгын эстен чыгарбоо керек.

Кесиптерге карата жол татаал экендиги белгилүү. Дал ошондуктан балдарды мүмкүн болуучу каталардан, көңүл калуулардан жана кеңешсиз изденүүлөрдөн куткаруучу ата-энелердин негиздүү пикири өтө маанилүү. Бирок кээ бир үй-бүлөлөрдө бул маселе боюнча ата-энелердин ортосунда да бирдиктүү пикир болбойт, бул жаш балдарды өтө кыйын абалга алып келип коет. Ушундан улам, кээ бир балдар акырында кесип тандоодогу орун алуучу дагы бир жаңылыштык – бул окуучулардын ар кандай адистикти кайда гана барбасын, кандай гана жол менен болбосун, жогорку окуу жайы аркылуу алууга умтулуулары болуп саналат.

Кээ бир окуучулардын жана алардын ата-энелеринин бул жаңылыш пикири Р.Розованын «Алар жумушчу болушту» деген повестинде даана көрсөтүлгөн. Мында «Ар кыл тагдырлар» деген каттардан турган аңгемелери бар [3].

Чынында эле, ата-энелеринин мындай «теорияларын» жетекчиликке алышып, орто мектептерди бүтүрүп чыгуучу көп балдар «орношуу» жеңил болгон, «окуу» жеңил болгон жерлерге умтулушат.

Ал эми азыркы учурдун талабына ылайык педагогдорду даярдоо жана ал кесипке тапшыруучу окуучулардын саны аз эмес. Ал боюнча төмөнкүдөй маселелерге кайрылсак болот:

- Бүгүнкү күндө педагогдорду даярдоо Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасында өтө маанилүү блоктордун бири болуп саналат.
- Кыргызстанда жогорку билим берүү окуу жайларынын саны өскөнү менен, педагогикалык окуу жайлардын саны кыскарып жаткандыгы аянычтуу көрүнүш;

Бүгүнкү күндө университеттерде, ошондой эле башка окуу жайларда дагы педагогика факультеттери коомдун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн эмес, тигил же бул кесиптин популярдуулугуна карап кадрларды даярдоого бет алышты. Бүтүрүүчүлөрдүн тагдыры аларды анча кызыктыра бербейт. Учурда жалпы билим берүүчү мектептерде математика, химия, физика, орус тили жана кыргыз тили, адабияты мугалимдери менен камсыз кылуу боюнча өтө оор абал түзүлүүдө десек болот. Азыркы учурда дээрлик бардык аймактарда педагогикалык адистиктерге болгон муктаждыктар басымдуулук кылат, ошондуктан көбүнчө белгилүү адистикте мугалим жок болгондуктан, мектептерде жыл бою окутулбаган сабактар да кездешет. Көпчүлүк мектептерде, өзгөчө, чет тилдер мугалимдеринин жетишпегендигин сөз кылууга болот. Дээрлик бардык жогорку окуу жайларында чет тилдер факультети бар экендигине, студенттердин саны жетиштүү болгондугуна карабастан, мектептерде бул адистикке койгон талап канаттандырылбай келет. Муну кантип түшүндүрүүгө болот? Кыргыз

Республикасы үчүн бирдиктүү формада келишим түзүлүп, аны юридикалык күчкө ээ кылуу керектиги сунушталат. Азыркы учурда билим берүү системасында дагы бир маанилүү жагдайды белгилеп кетүүгө болот. Бүгүнкү күндө «Жалпы республикалык тестирлөөнүн» натыйжасында педагогикалык адистиктерге тапшыргандардын дээрлик көпчүлүгү кош көңүл балдар болуп саналат. Ошондуктан биздин борбордун социалогиялык иликтөөсүнө ылайык, педагогика кесипчилигинде окугандардын 70 пайызы келечекте өздөрүн мугалимдик кесип менен байланыштырышпайт.

Алар кесиптин ээси болгондон кийин, көпчүлүгү башка тармактарда иштөөгө умтулушат. Азыркы учурда Кыргызстандын экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүн педагогикалык билим берүү шарттайт десек болот.

Педагогикалык кесиптин пайда болуусу обьективдүү чындыкка байланыштуу. Себеби, улам жаңы муундарды тарбиялап, билим берип өстүрмөйүнчө, коом да өсүп-өнүкмөк эмес. Мугалим - бул тарбиячы, үйрөтүүчү.

Илим өнүккөн сайын, балдарга билим берүү, таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн өстүрүү максатында мугалим – окутуучу деген өз алдынча милдетке ээ болду [1].

Андыктан, мыкты мугалимсиз инженер да, дарыгер да, мамлекет үчүн күйгөн адам да чыкпастыгы айкын.

Ошондуктан балдарды өз кесибине ээ болууга жана алардын кызыгуусун арттырууда мектеп, мугалим, үй-бүлө жана ата-эне, чоң роль ойнойт десек жаңылышпайбыз. Тагыраак айтканда, бүгүнкү күндө орто мектепти бүтүп жаткан жаш балдарга кесип тандоого багыт берүүдө мектеп анын жолдорун аныктоодо, окуучулардын ички дүйнөсүнүн тереңинен орун алат деген ишеничибизди үмүтүбүздү сактап келебиз.

Адабияттар:

1. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. – Б., 2007.
2. Подласый И.П. Педагогика. – М., 2000.
3. Климов Е.А. Как выбирать профессию. – М., 1990.